# 1.1.Билим берүү уюмун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттылардын болушу

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жыл 21-июлу №403 "Кыргыз Республикасында жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө" токтомун, 2016-жылдыз 15-ноябрь №590, 2017-жылдын 18-августу №496 өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтомдорун жетекчиликке алуу менен иштейт.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Нарын облусунун Юстиция башкармалыгы тарабынан 30-апрель 2021-жылы 78654-3304-М-е каттоо номуру менен

Мектеп Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмү тарабынан 2021-жылдын 10-апрель №29 буйругу орто мектебинин Уставы бекитилген жана Юстиция Министрлиги тарабынан 2021-жылдын 30-апрели менен каттодон өткөн.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Билим берүү Стандартынын, Жалпы Билим берүү уюмдарынын типтүү Жобосунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык Билим берүү мекемелерине окуучуларды электрондук каттоо боюнча убактылуу типтүү Жобосуна, Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин Уставынын негизинде окуучуларды мектепке кабыл алып, билим берүү процесси ишке ашат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460\1 буйругу менен бекитилген окуу планынын, №1 педагогикалык кенештин чечиминин негизинде Базистик окуу планы Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнө сунушталып, 2022\2023-окуу жылына 2022-жылдын 1-сентябрында кыргыз тилдүү класстар, "Нористе" даярдоо программасы үчүн, үйдөн окутулуучу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу пландары бекитилген.

Кыргыз Республикасынын №477 токтому менен бекитилген «Балдарды үйүндө жеке окутууну уюштуруу жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Билим Берүү Стандартына ылайык ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана оорунун катуу формасы менен балдардын категориясына кирген балдарга билим берүүнүн буйругуна ылайык биздин мектепте ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана оорунун катуу формасы менен ооруган балдардын категориясына кирген 1 бала үйүндө жеке окутулат.

Класстардын орточо топтому 8-16 окуучуну түзөт.